Махабатым

Жаным өткөн кезди эңсеп сагынамын
Жарашыктуу көзмончок такканың
Арбап алган таттуу кылыктарың
Жаным өзүң элең бүтпөс кыялдарым
Бирге баскан күзгү сейил багым
Айткым келчүү болчу деп жубайым

Кайырма:
Бир сага жолугууга турчу элем издеп шылтоо таба албай
Ал кездеги сүйүүмө калган элем мен жообум ала албай
Карасаң мага күлүп болоор эле үмүтүм жангандай
Эх андагы ак сүйүүм азыр да жүрөгүмдө калгандай

Жаным ал күндөрдү эңсеп сагынамын
Таарынып кайра бат жазылганың
Жылуу сүйлөп жүрөктү жылытканың
Жаным сен элеңго менин махабатым
Билем ал күндөр кайра кайрылбасын
Биздин сүйүү ырларда жашасын